Макулдашылды

Профсоюз комитетинин

төрайымы_________Б.Бекназарова

Бекитемин

Майлуу-Суу шаарындагы

№5 жалпы билим берүү орто мектебинин

директору_________Ж.М.Белекова

# Директордун окуу- тарбия иштери боюнча орун басарынын кызмат нускамасы

## 1 –КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕР

1.1 Жалпы билим берүү орто мектебинин педагогикалык жамаатынын ишкердүүлүгүн уюштурат жана көзөмөлдөйт.

1.2 Жалпы билим берүү орто мектебинин өнүгүшүнүн негизги багыттарын педагогикалык жамааты менен бирдикте ишке ашырат.

1.3 Педагогикалык кызматкерлеринин окуу планын жана жалпы билим берүү программаларын аткаруу боюнча усулдук ишин камсыз кылып, тескейт.

1.4 Педагогикалык жамааты менен бирдикте окуу планынын мектептик компонентин иштеп чыгып, анын аткарылышын камсыз кылат.

1.5 Мектептин маалыматтык блогунун (отчеттук документацияны өз убагында түзүүнү камсыз кылуучу класстардын тизмелери, окуучулардын өздүк делолору, класстык журналдар ж.б.) абалына жана толтурулушуна жооп берет.

1.6 Окуучулардын билим сапатын жана жүрүм-турумун көзөмөлдөйт, окуу сабактарынын жүгүртмөлөрүн түзүүнү жана окутуу-тарбиялоо ишкердүүлүгүн ар кандай түрлөрүн жүргүзөт.

1.7 Окутуу-тарбиялоо процессин өнүктүрүү жана окуучулардын билимин объективдүү баалоо боюнча сунуштарды киргизет жана ишке аларды ашырат.

1.8 Педагогикалык кенешинин чогулуштарына, усулдук семинарларга ж.б. активдүү катышат.

1.9 Бирикмелер жана мугалимдер арасында педагогикалык этиканын сакталышын көзөмөлдөт.

1.10 Коллектив жана окуучулар, ата-энелер арасында педагогикалык этиканын сакталышын көзөмөлдөйт.

1.11 Педагогикалык коллектив менен бирдикте мектептин окуу пландарынын ишке ашырылышын камсыздайт

1.12 Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде окуу пландарын , программаларын,окуу тарабынан саппатуу өздөштүрүүсүн көзөмөлдөйт.

1.13 Окуучулардын жылдык жана жыл ичиндеги аттестациясын уюштурууга катышат.

1.14 Окуучуларды мектепке кабыл алууну жана окуучулардын ата-энелери, ата-энесинин ордундагы жоопкерчиликтүү адам жана коомчулук менен иштөөнү уюштурат.

1.15 Өспүрүмдөрдүн укугун коргоо боюнча талаптарды сактоону камсыз кылат.

1.16 Мектептин техникалык базасынын сакталышына санитардык , гигиеналык нормаларын сактоого жана мугалимдердин эмгегин коргоого .

1.17 Педагогикалык кадрлардын орун алмаштыруусуна катышат.

1.18 Окуучулардын педагогдордун ден соолугуна жана өмүрүн коргоого жоопкерчиликтүү.

1.19 Директор жок учурда директордун милдеттерин кошо көзөмөлдөйт жана жооп берет.

## 2- БИЛИШ КЕРЕК

2.1Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын , билим берүү жөнүндө мыйзамын, эмгек кодексин.

2.2Билим берүү жана илим министирлигинин нормативдик документтерин.

2.3Жогорку жетекчиликтин жана башка мамлекеттик мекемелеринин окуу-тарбия иштерине тиешелүү чечимдерин.

2.4Өз компетенциясына тиешелүү иш кагаздарын түзүүнү жана отчет берүүнү.

2.5Балдарды окутуп тарбиялоо боюнча улуттук жана дүйнөлүк педагогиканын илимий практикалык эрежелеринин нормаларын.

2.6Балдардын укугу боюнча конвенцияны.

3-ЖООПТУУ

3.1Ушул кызмат нускамасын сапаттуу аткарууга .

3.2Директордун жана жогоруу турган башкаруу органдарынын буйруктарын көрсөтмөлөрүн аткарууга.

## 4- ТАЛАПТАРЫ

4.1 Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлыгына жогоркуу билимдүү, өз кесибине беш 5-жылдан кем эмес стажы бар педагог болуусу керек.